Бул долбоордо географиялык жактан кызыкчылык жараткан Ысык-Көлдүн батыш жагында жайгашкан жердин нивелировкасы боюнча жүргүзүлгөн иштер көрсөтүлгөн. Нивелировканын жыйынтыктары автордун Ысык-Көл өрөөнүндө мурда бир дарыя жок болуп кеткен деген божомолун иш жүзүндө тастыктаган. Анын корутундусу боюнча, жоголгон дарыянын негизги агымдарын жараткан Ысык-Көлдүн дарыя системасы тоолордон агып келгендиги талашсыз. Анда ал өрөөндө көл жок болчу. Мурун да, азыр да башка агып чыгуучу нук жок болгондугуна байланыштуу, өрөөндү суу менен камсыз кылган дарыялар бир гана Чүй дарыясына агып түшчү. Ысык-Көлдүн өзү болсо жер титирөөнүн натыйжасында кийинчереек пайда болгон. Китепте нивелировка жыйынтыктары тууралуу бир нече таблица берилген.

**А. ЧАЙКОВСКИЙ. Важная нивелировка в Туркестане (с планом). Проект восстановления прежнего течения речной системы этого края в Каспийское море. 1908**

В данном проекте представлена работа по нивелировке местности, прилегающей на западе к озеру Иссык-Кулю, что представляет значительный географический интерес. Нивелировка на практике подтвердила раннее предположение автора об исчезнувшей реке в Иссык-Кульской долине. Он делает вывод о том, что Иссык-Кульская речная система, представлявшая ранее главные потоки реки, брала свое начало, несомненно, в горах. Озера в долине еще не было. Орошавшие долину реки должны были стекать только в реку Чу, так как другого выхода из долины прежде не было, как нет его и сейчас. Само озеро Иссык-Куль образовалось позже в результате землетрясений. В работе представлено несколько таблиц данных по нивелировке.

**A. CHAIKOVSKIY. Important Leveling in Turkestan (with a Plan). A Restoration Project of the Former River System of this Region with Inflow to the Caspian Sea. 1908**

This project describes work on leveling an area to the west of Lake Issyk Kul, an area of great geographic interest. Leveling in practice confirmed earlier assumptions of the author on the river that disappeared in the Issyk Kul Valley. He concludes that the Issyk Kul river system originated in the mountains. There was no lake in the valley yet. Rivers irrigating the valley were supposed to flow to the Chu River only due to the absence of other ways out of the valley, as it is now. Lake Issyk Kul appeared later as a result of an earthquake. The book contains several tables on leveling.



**А. ЧАЙКОВСКИЙ. Түркстандын байыркы учуру. 1896**

Автор Түркстанда узак мөөнөт кызмат өтөгөндөн кийин жана ошол аймак менен жакшылап таанышкан соң, Түркстандын жана анын дарыяларынын Ысык-Көл өрөөнү менен тикеден-тике байланышы бар деген пикирин айтат. Бул аймактын тарыхына тиешелүү булактар менен таанышып, автор өзүнүн божомолдорунун аныктыгын Библиядан, Иезекиил пайгамбардын китебинен жана Геродоттон тапкан. Китепте мына ушул маселе боюнча Страбондун географиясынан алынган далилдер берилген жана өзүнүн божомолдорунун туура экендигин ырастаган жүйөлөр келтирилген.

**А. ЧАЙКОВСКИЙ. Далекое прошлое Туркестана. 1896**

После продолжительной службы в Туркестане и основательного знакомства с краем автор высказывает мнение о наличии непосредственной связи Туркестана и его рек с Иссык-Кульской долиной. Изучая источники, относящиеся к истории этого края, он нашел подтверждение своей догадки в Библии, в книге пророка Иезекииля, а затем у Геродота. В книге представлен анализ сведений по данному вопросу, извлеченных из географии Страбона и приведены аргументы, подтверждающие правильность данного предположения.

**A. CHAIKOVSKIY. The Remote Past of Turkestan. 1896**

After lengthy service in Turkestan and thorough study of the region the author makes a statement on the direct connection of Turkestan and its rivers to the Issyk Kul Valley. By reviewing sources related to the history of this region, he found confirmation of his assumption in the Bible, in the Book of the Prophet Ezekiel and later in Herodot's works. The book analyzes data available on this issue that was extracted from Strabon's geography and gives arguments that prove the correctness of the assumption.



**В.Н. ШНИТНИКОВ.**
**Жети-Сууга баруу. 1930**

Бул эмгек мурдагы Жети-Суу облусунун аймагындагы экспедицияларды баяндоого арналган. Бул экспедициялар 1908-жылдан 1917-жылдарга чейин жүргүзүлгөн. Эмгек жалпы географиялык мүнөзгө ээ, анда жол күнделүгү түрүндө айрым маршруттар сүрөттөлгөн. Китепте ландшафттардын чиймелери менен сүрөттөрү берилген.

**В.Н. ШНИТНИКОВ.**
**Поездки по Семиречью. 1930**

В работе представлено описание экспедиций по территории бывшей Семиреченской области. Экспедиции эти совершены в период с 1908 по 1917 гг. Работа носит общегеографический характер, описание отдельных маршрутов дано в ней в форме путевого дневника. Книга сопровождается зарисовками и рисунками ландшафтов.

**V.N. SHNITNIKOV.**
**Touring Semirechie. 1930**

The book contains a description of expeditions through the territory of the former Semirechie Oblast. These expeditions took place between 1908 and 1917. The book presents general geographic content. It gives a description of certain routes in the form of a travel diary. The book contains sketches and pictures of landscapes.



# РАСМИЙ МАТЕРИАЛДАР ЖАНА ДОКУМЕНТТЕР

# ОФИЦИАЛЬНЫЕ МАТЕРИАЛЫ И ДОКУМЕНТЫ

# OFFICIAL MATERIALS AND DOCUMENTS

## ТҮРКСТАН Компартиясынын II съездинин материалдары жана документтери. 1934

Түркстан Компартиясынын II съезди 1918-жылдын 17-29-декабрында өткөн. Съездде талкууланган борбордук маселелердин бири – дыйкандарга карата жүргүзүлгөн саясат болгон. Солчул эсерлерге каршы күрөшүү съезддин негизги маселелеринин бирине айланган. Съездде «кары коммунисттер», өкмөттөгү фракциялардын иштери тууралуу жана съезддин урааны – революциялык кыймылдын мындан ары өнүгүшү үчүн партиялык тазалоо жөнүндөгү докладдар жасалган. Китепке съезддин резолюциялары жана токтому, учурдагы маселелер боюнча баяндамалар, съезддин жалпы маселелерине арналып гезитке жарыяланган макалалар кирген.

## МАТЕРИАЛЫ и документы II съезда Компартии Туркестана. 1934

II съезд Компартии Туркестана состоялся 17-29 декабря 1918 года. Одним из центральных вопросов, обсуждавшихся на съезде, была политика в отношении крестьянства, а также борьба с левыми эсерами. На заседании съезда слушались также доклады о «старых коммунистах», о работе фракции в правительстве, о чистке партии во имя дальнейшего развития революционного движения. В книге опубликованы резолюции и постановление съезда, доклады по текущим вопросам, а также газетные статьи, посвященные общим вопросам съезда.

## MATERIALS and Documents of the 2nd Congress of the Communist Party of Turkestan. 1934

The Second Congress of the Communist Party of Turkestan took place on December 17 to 29, 1918. One of the major issues on its agenda was to define a policy towards peasants and the struggle against the left SRs (socialist revolutionaries). Presentations were made about “old communists” and the work of the faction in the government. The Congressional slogan, “Party cleansing in the name of the continued evolution of the revolutionary movement,” was also a topic of discussion. The book includes the resolutions and statements of the Congress, presentations on current issues, and newspaper articles covering various issues raised.



## КЫРГЫЗ Автономиялуу ССРинин түзүлүшү. 1927

Китеп Кыргыз Автономиялуу ССРинин түзүлгөндүгү тууралуу тарыхый материалдардан турат. Кыргыз АССРинин Борбордук Аткаруу Комитетинин Төрагасы Абдыкадыр Орозбеков Бүткүл Россиялык Борбордук Аткаруу Комитетинин III сессиясында кыргыз жергесиндеги советтик маданий жана чарбалык курулуштун бардык тармактарындагы жетишкендиктер тууралуу баяндама жасаган. Ал Кыргыз автономиялуу облусунун Облустук Аткаруу Комитетинин атынан Бүткүл Россиялык Борбордук Аткаруу Комитетинин Президиумуна автономиялуу облусту Автономиялуу Советтик Социалисттик Республикасы кылып кайра түзүү сунушу менен кайрылган. Бүткүл Россиялык Борбордук Аткаруу Комитетинин 1926-жылдын 1-февралындагы токтому менен РСФСРдин тутумундагы Кыргыз автономиялуу облусу Кыргыз Автономиялуу Советтик Социалисттик Республикасы болуп кайра түзүлгөн. Кыргызстан Советтеринин боло турган съездинде Борбордук Аткаруу Комитетин шайлоого жана республикалык бийлик аппаратын уюштурууга уруксат берилген.

## ОБРАЗОВАНИЕ Киргизской Автономной ССР. 1927

Книга содержит исторический материал об образовании Киргизской автономной ССР. Председатель ЦИК Киргизской АССР Абдыкадыр Уразбеков, выступая на III сессии Всероссийского Центрального Исполнительного Комитета (ВЦИК), сделал доклад о достижениях кыргызского края на всех фронтах советского культурного и хозяйственного строительства. От имени Областного Исполнительного Комитета Киргизской автономной области он обратился в Президиум ВЦИК с просьбой разрешить преобразовать автономную область в Автономную Социалистическую Советскую Республику. По постановлению ВЦИК от 1 февраля 1926 года, автономная Киргизская область, входящая в состав РСФСР, преобразована в Киргизскую Автономную Советскую Социалистическую Республику. Предстоящему съезду Советов Киргизии было разрешено избрать Центральный Исполнительный Комитет и произвести организацию республиканского аппарата власти.

## FORMATION of the Kyrgyz Autonomous SSR. 1927

This book contains historical evidence of the establishment of the Kyrgyz Autonomous SSR. Abdykadyr Urazbekov, Chairman of the Central Executive Commission of the Kyrgyz ASSR, made a presentation on the achievements of the Kyrgyz Krai in all areas of Soviet cultural and economic development at the 3rd session of the All-Russian Central Executive Committee (ARCEC). On behalf of the Oblast Executive Committee of the Kyrgyz Autonomous Oblast, he appealed to the ARCEC Presidium asking permission to transform the autonomous oblast into the Kyrgyz Autonomous Soviet Socialist Republic. The ARCEC passed a resolution on February 1, 1926, transforming the autonomous Kyrgyz oblast, which was part of the RSFSR, into the Kyrgyz Autonomous Soviet Socialist Republic. The upcoming congress of the Kyrgyz Council was allowed to elect the Central Executive Committee and organize a republican governing body.






## ОРТО АЗИЯНЫН улуттук бөлүнүшү жөнүндө. 1934

1934-жылы 5-сентябрда Орто Азиянын улуттук бөлүнүшүнүн 10 жылдыгына байланыштуу БКП(б)нын Борбордук Комитетинин Орто Азия бюросунун пленуму болуп өткөн. Пленумдун материалдарынан Орто Азия элдеринин улуттук бөлүнүшүнүн себептерин, союздук республика болуп түзүлгөн Өзбекстандын, Түркмөнстандын, Тажикстандын жана Кыргыз жана Кара-Калпак Автономиялуу ССРинин он жыл ичинде жетишкендиктери менен ийгиликтери жөнүндө билсе болот. Улуттук бөлүнүшүү Орто Азиянын бытыранды элдерин бир бүтүн, бириккен мамлекеттик түзүлүшкө бириктирүүнүн ири фактору болгон.

## О НАЦИОНАЛЬНОМ размежевании Средней Азии. 1934

5 сентября 1934 года состоялся Пленум Средазбюро ЦК ВКП(б), посвященный 10-летию национального размежевания Средней Азии. Из материалов Пленума можно узнать о причинах национального размежевания народов Средней Азии, о достижениях и успехах за десятилетие с момента образования союзных республик – Узбекистана, Туркменистана, Таджикистана и Автономных ССР – Киргизии и Кара-Калпакии. Национальное размежевание явилось крупнейшим фактором объединения разрозненных частей отдельных народностей Средней Азии в единое государственное образование.

## THE NATIONAL Demarcation of Central Asia. 1934

On September 5, 1934, the Plenary session of the Central Asian Bureau of the Central Committee of the Communist Party took place recognizing the 10th anniversary of the national demarcation of Central Asia. Plenary session speakers discussed reasons for the national separation of the Central Asian nations, achievements and successes made in the 10 years following the formation of the republics of Uzbekistan, Turkmenistan, and Tajikistan, and the Autonomous Soviet Socialist Republics of Kyrgyzia and Karakalpakia. National demarcation was the largest factor uniting dispersed factions of individual ethnicities of Central Asia into unified states.



# КЫРГЫЗСТАНДЫН ТАРЫХЫ ЦИФРАЛАРДА

# ИСТОРИЯ КЫРГЫЗСТАНА В ЦИФРАХ

# KYRGYZ HISTORY IN NUMBERS

## РОССИЯ империясынын жалпы эл каттоосу, 1897 (Жети-Суу облусу). 1905

Жети-Суу облусу 1867-жылы негизделген. Орустар келгенге чейин, бул аймакта жалаң көчмөн кыргыздар жана кара кыргыздар жашаган. Улуу урматтуу падышанын буйругу менен 1902-жылдын январында түзүлгөн Өзгөчө Кеңешмеге 1897-жылы жүргүзүлгөн Биринчи жалпы эл каттоонун материалдарын иштеп чыгуу тапшырылган. Жети-Суу облусу боюнча маалыматтарды иштеп чыгууда маалыматтарды санап чыгуу үчүн электр машинасына кошумча өзгөчө жабдуу пайдаланылып, иш тезирээк бүткөн. Облустун калкы «эркек аялдарды кошкондо» 987863 деп аныкталган. Түркстан генерал-губернаторлугунун Жети-Суу облусу алты уезддан жана шаарлардан турган. Жыйнактын цифралык маалыматтарында бардык уезддер боюнча, анын ичинде Кыргызстандын курамдык бөлүгү болуп саналган Пишпек, Пржевальск уезддери боюнча толук статистикалык маалыматтар бар.

## ВСЕОБЩАЯ перепись населения Российской империи, 1897 (Семиреченская область). 1905

Семиреченская область основана в 1867 году. До прихода русских на эту территорию она была населена исключительно кочевниками-киргизами и каракиргизами. На Особое Совещание, проведенное по Высочайшему повелению в январе 1902 года, было возложено проведение работ по разработке материалов Первой всеобщей переписи населения 1897 года. При разработке данных по Семиреченской области было использовано особое приспособление к электрической машине для подсчета информации, что значительно ускорило производство работы. Население области определилось как 987863 «душ обеих полов». Семиреченская область Туркестанского генерал-губернаторства состояла из шести уездов и городов. Цифровая информация сборника содержит полные статистические данные по всем уездам, в том числе по Пишпекскому и Пржевальскому, которые являлись составными частями Киргизии.

## NATIONAL Census of the Russian Empire, 1897 (Semirechie Oblast). 1905

Semirechie Oblast was founded in 1867. Before Russians took this territory it was exclusively populated by nomadic Kyrgyz and Kara-Kyrgyz. A special council established in January 1902 was assigned to develop materials for the first comprehensive national census of 1897. Population data on Semirechie Oblast was processed with the help of a special computing device attached to an electric machine which significantly sped up the computing process. The population of the province at that time amounted to 987,863 persons of both genders. The Semirechie Oblast of Turkestan General-Governorship consisted of six counties and cities. Numbers presented in the book contain complete statistical data on all counties including Pishpek and Przhevalsk, which were part of Kyrgyzia.



## БҮТКҮЛ союздук 1926-жылдагы эл каттоо: Кыргыз АССРи. 1928

1917-жылдагы революциядан кийин биринчи жолу Кыргызстандын аймагында улутка тийиштүүлүгү, эне тили, жашы жана сабаттуулугу боюнча кең-кесири эл каттоо жүргүзүлгөн. Каттоо ишин уюштуруу өтө оор жүргөн. Бардык эле жерде каттоо материалдарын тиешелүү сапатта камсыз кылууга мүмкүн болгон эмес. Кыргыз, орус тилдерин жакшы билген жана айрым статистикалык изилдөөлөрдү түшүнө билген кызматкерлер жетиштүү болгон эмес. Бардык маалыматтар 1927-жылдын 1-январына карата административдик бөлүнүү боюнча берилген. Азыркы учурда Кыргыз Республикасынын курамына кирген Исфана району каттоо жүрүп жаткан мезгилде иш жүзүндө Өзбек ССРинин курамында болчу. Ошондуктан Исфана району боюнча маалыматтар Өзбекстанга арналган томго жарыяланган.

## ВСЕСОЮЗНАЯ перепись населения 1926 года: Киргизская АССР. 1928

Впервые после революции 1917 г. на территории Кыргызстана проведена обстоятельная перепись населения по национальной принадлежности, родному языку, возрасту и уровню грамотности. Организация переписи проходила с величайшими трудностями: не везде удалось обеспечить надлежащее качество переписного материала, не хватало сотрудников, хорошо владеющих кыргызским и русским языками и имеющих навыки проведения статистических исследований. Все данные приводятся в соответствии с административным делением, существовавшим на 1 января 1927 года. Район Исфана, входящий в настоящее время в состав Кыргызской Республики, во время переписи фактически находился в составе Узбекской ССР, поэтому данные переписи по Исфанейскому району помещены в томе, посвященном Узбекистану.

## THE UNIONWIDE Census of 1926: Kyrgyz ASSR. 1928

For the first time since the Revolution of 1917, a thorough census was conducted on the territory of Kyrgyzstan, taking into account ethnicity, language, age and literacy. The census was conducted with great difficulty. It was not always possible to ensure the proper quality of census papers. Furthermore, there was a shortage of census staff who could speak Kyrgyz and Russian equally well and who were adequately trained in conducting statistical research. All data was provided in accordance with the administrative structure of the Kyrgyz ASSR as it stood on January 1, 1927. Isfana raion, currently part of the Kyrgyz Republic, at the time of the census belonged to Uzbekistan. Therefore, data on Isfana raion can be found in the volume on Uzbekistan.



**ФЕРГАНА облусунун (Ош, Скобелев жана Кокон уезддери) түштүк бөлүгүнүн көчмөн кыргыз калкынын жерди пайдалануусу боюнча материалдар. 1915**

Ферғананын түштүк бөлүгүнө Ош, Скобелев жана Кокон уезддери кошулуп турган, алар түндүк жагынан Сыр-Дарыя өзөнү, түштүгүндө Алай жана Түркстан тоо кыркалары менен чектеш жайгашкан. Фергана облусунун түштүк жагындагы жергиликтүү калктын чарбачылыгын изилдеген статистикалык иштер 1913-жылы жүргүзүлгөн. Китепте кыргыз уезддеринин рельефи жана геологиялык шарттары, климаты жана чарба жүргүзүү шарттары, ошондой эле жерди пайдалануу нормалары жазылган. Статистикалык изилдеелер менен бирге, көчмөндөр ээлеген аймакты мензулдук сүрөткө тартуу жүргүзүлгөн, ал карта китепке тиркелген. Ошол тартылган сүрөттөрдүн негизинде жерди пайдалуу боюнча карта түзүлгөн, ал карта ушул китептин тиркемеси болуп саналат.

**МАТЕРИАЛЫ по землепользованию кочевого киргизского населения южной части Ферганской области (Ошский, Скобелевский и Кокандский уезды). 1915**

Южная часть Ферганы включает Ошский, Скобелевский и Кокандский уезды, расположенные в непосредственном соседстве с рекой Сыр-Дарьей на севере и с Заалайским и Туркестанским хребтами – на юге. Первые статистические работы по обследованию хозяйства туземного населения южной части Ферганы были произведены в 1913 году. В книге описываются рельеф и геологические условия, климат и условия хозяйствования в киргизских уездах, а также приведены нормы землепользования. Одновременно со статистическими исследованиями производилась мензульная съемка территории, занятой кочевниками. По данным этой съемки была составлена карта землепользования, которая является приложением к этой книге.

**MATERIALS on Land Use of the Nomadic Kyrgyz Population in the Southern Part of Ferghana Oblast (Osh, Skobelev and Kokand Uezds). 1915**

The southern part of Ferghana consists of neighboring Osh, Skobelev and Kokand uezds that border the Syr Daria River to the north, and the Zaalai and Turkestan mountain ranges to the south. The first statistical research of local farms in the southern part of Ferghana was done in 1913. The book describes reliefs and geological conditions, climate and farming in Kyrgyz uezds, as well as land use norms. The nomads' territories were mapped in conjuction with the statistical research. This mapping data was used as a basis for the land use map which is attached to this book.

**ЖЕТИ-СУУ облусундагы жергиликтүү калктын жана көптөн бери жашаган орустардын чарбасын жана жерди пайдалануусун текшерүү боюнча материалдар. Т. 7. Пишпек уезди. Кыргыз чарбасы. 1-чыг. Таблицалар. 1916**

Пишпек уезди Жети-Суу облусунун эң ири уезддеринин бири болгон, аны иликтөө иши эки бөлүнүп жүргүзүлгөн. 1912-жылы Суусамыр, Качкын, Каракече, Курманкожо, Жумгал, Кочкор, Темирболот, Тынай, Шамшы, Бөлөкбай, Талкан жана Атаке, 1913-жылы калган болуштуктар текшерилген. Бардык цифралык маалыматтар 1912-жылга карата берилген. Пишпек уезди айылдык, жамааттык болуп, майда-чүйдөсүнө чейин иликтенген. Иликтөөнүн аягында райондор жана уезд боюнча жыйынтыкталган маалыматтардын таблицасы түзүлгөн.

**МАТЕРИАЛЫ по обследованию туземного и русского старожильческого хозяйства и землепользования в Семиреченской области. Т. 7. Пишпекский уезд. Киргизское хозяйство. Вып. 1. Таблицы. 1916**

Пишпекский уезд являлся одним из самых крупных уездов Семиреченской области и был обследован в два приема. В 1912 году были обследованы Сусамырская, Качкинская, Каракечинская, Курмангожинская, Джумгальская, Кочкорская, Темирбулатовская, Тынаевская, Шамсинская, Булюкпаевская, Толкановская и Атекинская области, в 1913 году – остальные. Все цифровые данные приводятся по состоянию на 1912 год. Пишпекский уезд обследован детально: поаульно и пообщинно. В конце исследования представлены таблицы из сводных данных по районам и по уезду.

**RESEARCH on old traditional Indigenous and Russian Households and Land Use in Semirechie Oblast. Vol. 7. Pishpek Uezd. Kyrgyz economy. Issue 1. Tables. 1916**

Pishpek Uezd was one of the largest uezds of Semirechie Oblast. Research was two-fold: in 1912 it had covered Suusamyrskiy, Kachkinskiy, Karakechinskiy, Kurmangojinskiy, Jumgalskiy, Kochkorskiy, Temirbulatovskiy, Tynaevskiy, Shamsinskiy, Bulukpaevskiy, Tolkanovskiy and Atekinskiu Oblasts with the rest of the oblasts surveyed in 1913. All of the numbers are as of 1912. Pishpek Uezd was surveyed in great detail village by village. The research paper ends with tables of consolidated data by raions and uezds.



**ЖЕТИ-СУУ облусунун 1906-жылкы баяндамасы. 1907**

Баяндамада облустун 1906-жылдагы статистикалык жана административдик-аймактык бөлүнүшү, жер кыртышы, климаты, калкынын саны жана отурукташуусу, табигий жана өндүрүш күчтөрү, өнөр жайдын, соода-сатыктын өнүгүшү, коомдук көрктөндүрүүсү, элге билим берүү жөнүндө маалыматтар камтылган. Батыш Кытай жерлери менен Жети-Суу облусунун чек арасындагы иштердин абалы тууралуу маалыматтар берилген.

**ОБЗОР Семиреченской области за 1906 год. 1907**

Обзор содержит статистические данные об административно-территориальном делении области, поверхности, почвах, климате, численности и движению населения, естественных и производственных силах области, развитии промышленности и торговли, общественного благоустройства, народного образования за 1906 год. Представлены сведения о положении дел на границе Семиреченской области с западнокитайскими владениями.

**A REVIEW of Semirechie Oblast for 1906. 1907**

This review contains statistical data for 1906 on the administrative and territorial structure of the oblast. Information is also presented about its surface, soils, climate, population statistics and migration information. Information on natural resources and production capacity of the oblast, industrial and trade development, and public education are also included. The review also describes the state of affairs at the border between Semirechie Oblast and the western Chinese territories.

**1905-жыл үчүн Жети-Суу облусунун статистикалык комитети боюнча отчет. 1905**

Отчетто Жети-Суудагы статистикалык мекеменин тарыхы камтылган, комитеттин жылдык жалпы жыйналышы боюнча маалыматтар берилген, ошону менен бирге статистикалык маалыматтарды жыйноо боюнча иштердин негизги түрлөрү баяндалат. Комитеттин китепканасын жасалгалоо боюнча иштерге арналган макала өзгөчө кызыгууну жаратат. Китепканага түшкөн китептердин тизмеси берилет. Комитеттеги музейди уюштуруу иштери жазылган.

**ОТЧЕТ по Семиреченскому областному статистическому комитету за 1905 год. 1905**

В отчет включены сведения об истории учреждения Семиреченского статистического Комитета, приведены данные по общему годичному собранию комитета, а также описываются основные виды работ по сбору статистических данных. Особый интерес представляют материалы по устройству библиотеки и музея при комитете. К отчету также прилагается список книг, пожертвованных в дар библиотеке.

**REPORT of the Semirechie Oblast Statistics Committee for 1905. 1905**

The report contains a history of the Semirechie Statistics Committee. It also presents information on the general annual meetings of the Committee and describes the major types of activities involving the collection of statistical data. The article dedicated to the foundation of the committee library is of special interest. Included is a list of books donated to the library. There is also a description of the Committee's efforts to create a museum.



**ЖЕТИ-СУУ облусунун эстеткич китепчеси. 1898**

Жети-Суу облусунун эстеткич китепчесинде Жети-Суу облусунун бардык өкмөттүк жана коомдук уюмдарынын тизмеси, облустун административдик бөлүнүшү, почта жана телеграф мекемелери, катнашуу жолдору жана маршруттары, өнөр-жай жана сода-сатык ишканалары, медициналык мекемелери жөнүндө, калкынын санынын, жерге ээлик кылуусунун, айыл-чарбасынын, билим берүүсүнүн статистикалык баяндамасы жана башкалар жөнүндө маалымат берилген. Эстеткич китепче улуттук китеп фондусунун маанилүү бөлүгү болуу менен тарыхый, географиялык, демографиялык, этнографиялык жана край таануу изилдөөлөрү үчүн өзгөчө мааниге ээ.

**ПАМЯТНАЯ книжка Семиреченской области. 1898**

Памятная книжка включает перечень всех правительственных и общественных учреждений области, сведения об административном делении, о почтовых и телеграфных учреждениях, путях и маршрутах сообщения, о промышленных и торговых предприятиях, медицинских учреждениях, статистический обзор населения, землевладения, сельского хозяйства, народного образования и т.д. Памятная книжка составляет важную часть национального книжного фонда и представляет исключительную ценность для исторических, географических, демографических, этнографических и краеведческих исследований.

**A REFERENCE Book of Semirechie Oblast. 1898**

The reference book of Semirechie Oblast includes a list of all government and public institutions with their staff, information on administrative-territorial structure, post and telegraph offices, roads and communication routes, industrial and trade objects, a statistical review of the population, land ownership, agriculture, public education, etc. The reference book is an important part of the book fund and is of great value in conducting historical, geographic, demographic, ethnographic and local history research.

# 1916-ЖЫЛДАГЫ КӨТӨРҮЛҮШ: ТАРЫХЫЙ ХРОНИКАЛАР

# ВОССТАНИЕ 1916 ГОДА: ИСТОРИЧЕСКИЕ ХРОНИКИ

# THE UPRISING OF 1916: HISTORICAL CHRONICLES

**Ж. АБДРАХМАНОВ. 1916-жылдагы кыргыздардын көтөрүлүшү. 1933**

Абдрахманов Жусуп (Юсуп) – 1930-жылдары республиканын экономикасынын жана маданиятынын өнүгүшүнө чоң салым кошкон кыргыздын мамлекеттик ишмерлеринин бири. Бул китепче 1916-жылдагы кыргыздардын көтөрүлүшүнүн 15 жылдыгына карата 1931-жылы 11-августта болуп өткөн шаардын партиялык жана комсомолдук уюмдардын катышуусу менен Кыргыз Өкмөтүнүн жана Фрунзе шаардык кеңешинин салтанаттуу чогулушунда окулган докладдын кайра иштелип чыккан стенограммасы болуп саналат. Китепте автор кыргыздардын колониялык мезгилге чейинки коомдук-экономикалык жашоо турмуш темасын камтуу менен, 1916-жылдагы көтөрүлүшкө тарыхый баа берет. Ага «Советская Киргизия» жана «Кызыл Кыргызстан» гезиттеринде басылып чыккан «Октябрдын жарчысы» деген макала да киргизилген.

**Ж. АБДРАХМАНОВ. Восстание киргиз в 1916 году. 1933**

Жусуп (Юсуп) Абдрахманов – государственный деятель Киргизии, внесший большой вклад в развитие экономики и культуры республики в 1930-е годы. Настоящая брошюра представляет собой переработанную стенограмму доклада, прочитанного автором на торжественном заседании Киргизского Правительства, Фрунзенского Горсовета с участием партийных, комсомольских организаций города от 11 августа 1931 года, посвященном 15-летию восстания киргизов в 1916 году. Автор дает историческую оценку восстания 1916 года, включая тему общественно-экономического уклада жизни киргизов до колонизационного периода. В книгу также включена статья автора «Предвестник Октября», опубликованная в газетах «Советская Киргизия» и «Кызыл Кыргызстан».

**J. ABDRAKHMANOV. The Kyrgyz Uprising of 1916. 1933**

Jusup Abdrakhmanov was a Kyrgyz statesman who greatly contributed to the development of the economy and culture of the Republic in the 1930s. This brochure contains an edited transcript of the presentation made by the author at the ceremonial meeting of the Kyrgyz government and the Frunze Municipal Council with involvement from Communist Party and Komsomol organizations. The meeting was held on August 11, 1931 and was dedicated to the 15th anniversary of the Kyrgyz uprising of 1916. In his book, the author presents a historical assessment of the 1916 uprising, starting with a description of the social-economic structure of the Kyrgyz lifestyle up to the period of colonization. The brochure includes an article, “Portents of October,” published in the newspapers “Sovetskaya Kirgizia” and “Kyzyl Kyrgyzstan.”



**Г. И. БРОЙДО. 1916-жылдагы кыргыздардын көтөрүлүшү. 1925**

1916-жылдын башында кыргыздарды оорукта иштөөгө мобилизациялоого байланыштуу элдин кеңири массасы кыжырлана баштаган. Бир нече күндүн ичинде бул кыжырлануу падышалык саясаттын басып алуучулугуна каршы элдик көтөрүлүшкө айланган. Китепке 1916-жылдын 3-сентябрында Ташкенттин Сот Палатасында автордун күбө катары айткандары жарыяланган. Анда жогорку жана төмөнкү бардык администрациялардын (Ташкент, Жети-Суу) кыргыз калкын жок кылууга жана коллонизациалоо ишин улантуу үчүн алардын жерлерин тартып алууга болгон иш-аракеттери чагылдырылат.

**Г.И. БРОЙДО. Восстание киргиз в 1916 году. 1925**

В начале 1916 г. в связи с мобилизацией киргизов на тыловые работы началось брожение среди широких киргизских масс. В течение нескольких дней оно превратилось в народное восстание против захватнической политики царизма. В книге опубликованы показания автора, данные им 3 сентября 1916 года Ташкентской Судебной Палате. В них освещается деятельность всей администрации, включая высшую (Ташкент, Семиречье), направленная на уничтожение киргизского населения и захват принадлежавших им земель для дальнейшей колонизационной деятельности.

**G. I. BROIDO. The Kyrgyz Uprising in 1916. 1925**

In early 1916 the country was in ferment due to the mobilization of the Kyrgyz to serve in World War I. In a matter of days this ferment escalated into a nationwide uprising against the Tsar's expansionist policy. This book contains the author's testimony presented in the Tashkent Court Chamber on September 3, 1916. It describes actions of the Tsar's entire administration, including the highest levels (Tashkent, Semirechie), aimed at the destruction of the Kyrgyz nation and takeover of their lands for further colonization.



**Б. ИСАКЕЕВ. 1916-жылдагы кыргыздардын көтөрүлүшү. 1932**

Исакеев Баялы – Кыргызстандын көрүнүктүү саясий ишмери, республиканын Эл комиссарлар Кеңешинин төрагасы. Ушул китепке кирген анын атактуу докладында козголондун чыгышынын негизги себептерине негизделет, мүнөзү жана анын кыймылдаткыч күчтөрү баяндалат. Мурдагы Жети-Суу облусунун карамагына кирген Кыргыз Советтик Республикасынын аймагында болгон көтөрүлүштүн мерчемдүү учурларын чагылдыруу китептин негизги максаты болгон. Б.Исакеев өзүнүн докладында бай фактылык материалдарды иликтеп бяндоо менен 1916-жылы Орто Азиядагы көтөрүлүш жөнүндө БКП (б) БКнын Орто Азия бюросунун тизистеринде камтылган саясий тыянактардын жана большевиктер партиясынын саясий багытынын негиздүү жана туура экендигин далилдөөгө аракет жасаган.

**Б. ИСАКЕЕВ. Киргизское восстание 1916 года. 1932**

Баялы Исакеев – видный политический деятель Киргизии, председатель республиканского Совета народных комиссаров. Его знаменитый доклад, представленный в данном издании, обосновывает причины возникновения восстания, описывает его характер и движущие силы. Задача этой книги – освещение основных моментов восстания, в особенности в бывшей Джетысуйской области, в которую входила нынешняя Киргизская Советская Республика. В своем докладе Б. Исакеев постарался изложить и проанализировать богатый фактический материал, и тем самым обосновать и доказать правильность тех политических выводов, которые были изложены в тезисах Средазбюро ЦК ВКП(б) о восстании в Средней Азии 1916 года и политической линии партии большевиков.

**B. ISAKEEV. The Kyrgyz Uprising in 1916. 1932**

Bayaly Isakeev was a prominent politician and chairman of the Republican Council of People's Commissars. His famous presentation, published in this book, describes the reasons for, the nature of, and driving force of the rebellion. The purpose of this book was to review major moments of the uprising, especially in the former Jetysuu Oblast. In his work B. Isakeev tried to present and analyze a significant amount of facts. In doing so, he hoped to reason and prove the accuracy of the political conclusions that had been stated in the theses of the Central Asian Bureau of the Central Committee of the Communist Party regarding the uprising in Central Asia in 1916 and the political line of the Bolshevik Party.

# АРХЕОЛОГИЯЛЫК ИЗИЛДӨӨЛӨР

# АРХЕОЛОГИЧЕСКИЕ ИССЛЕДОВАНИЯ

# ARCHAEOLOGICAL RESEARCH

## В.А. ГОРОДЦОВ. Турмуш-тиричилик археологиясы. 1910

Турмуш-тиричилик археологиясы тарыхый археологиянын кыйла кеңири жана негизги бөлүгү болуп саналат. Ал үй тиричилигине кирген, атап айтканда, турак-жайды, кийим-кечекти, тамак-ашты, кол-өнөрчүлүктү, көркөм иштүүлүктү жана ар кандай турмуштук жана диний ырым-жырымдарды изилдейт. Китепте автор темир колдонулган мезгилди коло жана темир доору деп экиге бөлүп караган. Жети-Суу аймагына караштуу Ысык-Көлдүн жээгинен колодон жасалган кызыктуу шаймандар: балта, орок, найзанын учтары, тешкич-көзөөчтөр, ооздуктар жана жазуусу бар жүгөндөр менен ар кандай идиштер табылган. Бардык буюмдар мыкты формасы жана дыкат куюлушу менен айырмаланышкан, ал эми кээ бири болсо оюу-чиймелер менен кооздолгон. Бул табылгалар ушул географиялык аймакта жашаган элдин өздүк маданиятынын очогунан кабар берет.

## В.А. ГОРОДЦОВ. Бытовая археология. 1910

Бытовая археология является наиболее обширной и важной частью исторической археологии. Она изучает памятники домашнего быта: жилища, одежду, пищу, ремесла, художества, промыслы и разного рода бытовые и религиозные обряды. В курсе лекций автор описывает металлический период, который он делит на две эпохи: бронзовую и железную. Интересные находки бронзовых орудий были сделаны в Семиреченской области на берегах оз. Иссык-Куль. Это топоры, серпы, наконечники копий, долота, удила, бляхи уздечного набора и сосуды. Все вещи отличаются солидными формами и хорошим литьем, причем некоторые украшены орнаментом. Эти находки доказывают наличие самостоятельного культурного очага в этой географической зоне.

## V.A. GORODTSOV. Archaeology of Daily Life. 1910

Archaeology of daily life is the most extensive and important part of historical archaeology. It encompasses the study of housing, clothes, food, crafts, arts, trade, and various daily life and religious ceremonies. This course of lectures presents the metallic period divided into two ages – bronze and iron. An interesting collection of bronze tools was found in Semirechie Oblast at the shore of Lake Issyk Kul, including axes, sickles, spearheads, chisels, bits and harnesses, and containers. All items are distinguished by their solid forms and show good casting; some are decorated with ornaments. These finds prove that this geographic area was home to an independent cultural center.



## П. ЛЕРХ. 1867-ж. Түркстан крайына жасалган археологиялык саякат. 1870

Автор тарабынан мурдагы Жан-Каланын коргону болгон Жанкенттин урандылары изилденген. «Урандылардын жанынан Сыр дарыядан келүүчү сугат арыгы казылган, суунун нугу өлкөнүн ичинде 6-7 чакырымга созулуп жатат, бирок анын суусу азыр аябай аз, анткени тегерегинде кыргыздар тарабынан иштетилген талаалар созулуп жатат» Сепилдин түндүк жагында жана түндүк батышында чачылып жаткан курулуш урандылары дөбөчөлөр менен дөңсөөлөрдү пайда кылып, качандыр бир кездерде ошол жерде Жанкент шаары болгондугун ырастайт. Мындан тышкары, мүрзө үстүнө коюлган жазуусу бар жалпак таштар да табылган. Изилдөөчү Жанкентти изилдегенден кийин тарыхый баяндардагы Жаңыкент шаарынын болгондугу тууралуу божомолдун чындыгын ошол урандылардын калдыгы аркылуу далилдеген.

## П. ЛЕРХ. Археологическая поездка в Туркестанский край в 1867 году. 1870

Автором были обследованы Джанкентские развалины бывшего укрепления Джан-Кала. «Близ этих развалин проведены оросительные канавы из реки Сыр, русла которых простираются на 6-7 верст внутрь страны, но воды в них теперь очень мало, так как кругом простираются поля, обрабатываемые киргизами». Бугры и холмы, разбросанные на севере и северо-западе от крепости, образовались в основном от развалившихся построек, некогда составлявших город Джанкент. На месте были также найдены могильные плиты с надписями. Разведка в Джанкенте убедила исследователя в правильности предположения о том, что эти развалины – остатки города Янгикента, упоминаемого в исторических повествованиях.

## P. LERH. An Archaeological Trip to Turkestan in 1867. 1870

The author surveyed the Jankent ruins of the former Jan-Kala fort. “Near these ruins are irrigation channels from the Syr River that flow into the country for 6-7 versts (approx. 3500 feet), but now there is not much water in these channels surrounded by the fields cultivated by the Kyrgyz.” Mounds and hills to the north and north-west of the fortress originated mainly from the ruins of buildings that once belonged to the city of Jankent. Engraved tombstones were found at this site. The exploration of Jankent convinced the author of the accuracy of the assumption that these ruins are the remnants of Yangikent City mentioned in historical narratives.



## Н. ПАНТУСОВ. Таш-Рабат. 1916

Автордун айтуусу боюнча «байыркы Таш-Рабаттын урандылары Пржевальский уездинин Ат-Башыда участкасындагы Чеч-Төбө болушунун аймагында жайгашкан». Бул байыркы эстелик кенен пайдубалга табигый топуратан курулган. Курулуш материалдары көк жана кызыл түстөрдөгү катмарланган тоо тектеринин иштетилбеген жалпак таштарынан турат. Таш-Рабаттын бөлмөлөрү башынан аягына дейре түз салынган, терезеси катары төбөсүндө жайгашкан төрт бурчтуу тешиктери эсептелген. Таш-Рабат жөнүндө көчмөн кыргыздардын көптөгөн уламыштары болгондугуна карабастан, анын кайсыл мезгилде курулгандыгы аныкталган эмес.

## Н. ПАНТУСОВ. Таш-Рабат. 1916

По словам автора, «развалины древнего здания Таш-Рабат находятся на территории Чешь-Тюбинской волости Атбашинского участка Пржевальского уезда». Все здание построено на естественном грунте, на довольно широком фундаменте. Материал постройки представляет собой неотделанные плиты горных синих и красных сланцев. Здание состоит из прямоугольных покоев в основании, сводчатого потолка, заканчивающегося квадратными отверстиями, которые служили окнами. Время постройки не определено, хотя у киргизов-кочевников имеется на этот счет много легенд.

## N. PANTUSOV. Tash-Rabat. 1916

Ruins of the ancient Tash-Rabat building are located at Chesh-Tube Volost in the At-Bashi Uchastok of Przhevalsk Uezd. The building was constructed on a natural soil base with a significantly wide foundation. The building is composed of unfinished slabs of blue and red rock slate. The building consists of rectangular rooms with arched ceilings topped by square holes that serve as windows. The date of construction is unknown, although nomadic Kyrgyz have many legends related to this mystery.



# ЭТНОГРАФИЯЛЫК ОЧЕРКТЕР
# ЭТНОГРАФИЧЕСКИЕ ОЧЕРКИ
# ETHNOGRAPHIC ESSAYS

**Н.И. ГРОДЕКОВ. Сыр-Дарыя облусундагы кыргыздар жана кара кыргыздар. Т.1. 1889**

Кыргыздар менен кара кыргыздардын юридикалык тиричилигин изилдөө Орто Азия облустарындагы көчмөн элдердин ортосундагы башкаруу жана сот ишин туура уюштуруу үчүн канчалык маанилүү болсо, илим үчүн да ошондой эле өтө маанилүү болгон. Автор Сыр-Дарыя облусунда башкаруучу болуп турганда кыргыздардын жөнөкөй эле укуктары боюнча маалыматтарда жана укук маселеси каралган учурда көптөгөн кемчиликтер кеткенин байкаган. Орус бийлиги үстөмдүк кылган жаңы тартип, көчөмөндөрдүн дыйканчылыкка өтүшү, жаңы өндүрүштөрдүн пайда болушу, жаңы көз караштар, жаңы түшүнүктөр ж.б.у.с. бардыгы укук маселесин олуттуу түрдө өзгөртүүнү талап кылган. 1886-жылы Г.Вышнегорский Сыр-Дарыя облусунун уездерине жергиликтүү адаттардын баарын жыйноо үчүн жөнөтүлгөн. 7 айдын ичинде аябай көп материалдарды чогултkан. Бул материалдар Н.И. Гродеков тарабынан иштетилип жарыкка чыккан.

**Н.И. ГРОДЕКОВ. Киргизы и каракиргизы Сыр-Дарьинской области. Т.1. 1889**

Изучение юридического быта киргизов и каракиргизов чрезвычайно важно как для правильного устройства управления и суда в среде кочевого населения среднеазиатских областей, так и для науки. Будучи управляющим Сыр-Дарьинской области, автор обнаружил большие пробелы в сведениях по обычному праву киргизов и недостаточность разработки самого права. Новые порядки русского владычества, переход кочевников к земледелию, появление новых видов промышленности, новые взгляды и понятия – все это требовало внесения значительных изменений в обычное право. В 1886 г. Г. Вышнегорский был послан в уезды Сыр-Дарьинской области для сбора всех вариантов адатов по местностям. В течение 7 месяцев им был собран огромный материал, который был обработан и издан.

**N.I. GRODEKOV. The Kyrgyz and Kara-Kyrgyz of Syr Darya Oblast. Vol. 1. 1889**

Review of the legal practices of the Kyrgyz and Kara-Kyrgyz is extremely important both for the correct structure of governance and judiciary among the nomad population of Central Asian oblasts and for the science. While in charge of Syr Darya Oblast, the author noticed large gaps in the information on Kyrgyz customary law and insufficient development of the law itself. Russian sway with the new order, transition from nomadic to settled life, industrial development, new views and definitions all called for significant changes in customary law. In 1886, G. Vyshnegorskiy was assigned to the uezds of Syr Darya Oblast to gather all territorial variations of local adats. Over the course of 7 months he gathered a wealth of material, which was then edited and published.



## Г.Е. ГРУМ-ГРЖИМАЙЛО. Кыргыздар. 1933

Г.Е. Грум-Гржимайло (Грумм-Гржимайло) – Орто жана Борбордук Азияны изилдеген орустун ири окумуштууларынын бири. Өзүнүн китебинде автор белгилүү чыгыш таануучу илимпоздор В.В. Бартольддун, Н.А. Аристовдун, Дегиняндын, Абулгазинин, В.В. Радловдун жана башкалардын кыргыздардын тарыхын, жашоосун, сырткы келбетин, өнүг-түсүн, тилин, жазуусун, чарбачылыгын баяндаган эмгектерин сын көз караш менен иликтеп чыккан. Автор белгилүү чыгыш таануучу илимпоздордун эмгектерин тандап алуу менен бирге, алардын сын көз караш менен талдап, болгон кемчиликтерин толуктап, кыргыз элинин тарыхын, деги эле «кыргыз» деген сөздүн түшүнүгүн чечмелөөгө аракет кылат.

## Г.Е. ГРУМ-ГРЖИМАЙЛО. Киргизы. 1933

Г.Е. Грум-Гржимайло (Грумм-Гржимайло) – один из крупнейших русских исследователей Средней и Центральной Азии. В своей книге автор реферирует работы великих ученых-востоковедов В.В. Бартольда, Н.А. Аристова, Дегиняна, Абульгази, В.В. Радлова и других, посвященные исследованию истории киргизов, их уклада жизни, внешности, языка, письменности и хозяйства. Эти рефераты работ великих ученых-исследователей Востока были отобраны с учетом того, чтобы с критической точки зрения восполнить пробелы в этих трудах и осветить прошлое киргизского народа, присвоившего себе имя «кыргыз».

## G.E. GRUM-GRZHIMAILO. The Kyrgyz. 1933

G.E. Grum-Grzimailo (Grum-Grzimailo) was one of the most prominent Russian researchers of Middle and Central Asia. In his book, the author refers to the works of prominent orientalists V.V. Bartold, N.A. Aristov, Deginyan, Abul-Gazi, V.V. Radlov, et al. related to the history of the Kyrgyz, their lifestyle, appearance, language, writing, and economy. The author tried to fill in the gaps in these works and to reveal the past of the people that called themselves “Kyrgyz.”



## Н.Д. ЗЕЛАНД. Кыргыздар. 1885

Бул кыскача тарыхый-этнологиялык очерк айрыкча Жети-Суу аймагында жашаган кара кыргыздардын жана кыргыз-казактардын турмушун чагылдырат. Алардын турмуш-тиричилиги абдан окшоштугу жана бир гана айырмачылыгы тилдеринде экендиги, казактарга караганда кара кыргыздарда алтайлыктардын таза сүйлөө тили колдонулары белгиленет. Китепте Теңир-Тоонун жаратылышы, элдин жашоо-турмушу, тамак-ашы, экономикалык тиричилиги, кол өнөрчүлүгү, никеси, балдарды тарбиялоосу, коомдук турмушу, административдик түзүлүшү баяндалган. Кыргыздардын аялдары менен эркектеринин антропологиялык маалыматтары, интеллектуалдык жана рухий өсүшүнүн өзгөчөлүктөрү берилген. Очерктин аягында антрополого-метриялык изилдөөнүн 7 таблицасы берилген.

## Н.Д. ЗЕЛАНД. Киргизы. 1885

Книга представляет собой историко-этнологический очерк преимущественно о каракиргизах и киргиз-казаках Семиреченской области. Образ жизни этих народов очень схож, а основное различие, по мнению автора, состоит в языке, который у каракиргизов представляет менее чистое алтайское наречие, чем у киргиз-казаков. Автор приводит описание природы Тянь-Шаня, образа жизни населения, особенностей питания, промыслов, экономического быта, брака, воспитания детей, общественной жизни, административного устройства, а также антропологические сведения. В конце очерка представлено 7 таблиц с антрополого-метрическими данными.

## N.D. ZEALAND. The Kyrgyz. 1885

This historical-ethnological essay focuses mostly on the Kara-Kyrgyz and the Kyrgyz-Kazakhs of Semirechie Oblast. Their lifestyles are very similar; it is the author's opinion that language is the biggest difference between the two ethnic groups. The Kara-Kyrgyz speak a less pure Altai language than the Kazakhs. The book includes a description of Tien Shan nature, peoples' lifestyles, eating habits, economic life, marriage, raising children, public life, administrative organization, and anthropological data. Seven tables of anthropometric data are presented at the end of the book.



## П. КУШНЕР. Тоолуу Кыргызстан. 1929

Китеп Кыргыз АССРинин тоолуу бөлүгүндөгү кыргыздардын социалдык түзүлүшүн иликтөөгө арналган. Автор уруучулук түзүлүштүн жоктугунан улам бекем уруучулук мамилелердин жана социалдык көрүнүш катары манапчылыктын бар экендигин белгилейт. Уруучулук доордун соңунда жоокерчилик катмардан бөлүнүп чыккан манаптар али нукура манаптарга айлана элек болгон, бирок өтө жупуну демократиянын бардык көрүнүштөрүн жоюуга жетишишкен. Феодализмдин андан аркы өнүгүшү орустардын басып алуусу менен токтотулган. Ошондой болсо дагы Кыргызстандын тоолуу аймагынын географиялык жана экономикалык жактан обочолонуусунан улам ошол басып алуулардан кийин деле манапчылык улануп келген. Бул эмгектин илимий жана практикалык мааниси манапчылыктын социалдык жана тарыхый тамырлары жана анын жок болуп кетпешинин себептери, ошондой эле Кыргыз АССРинин тоолуу райондорундагы кыргыздардын коомдук жашоо тиричилигине, дыйканчылыгына, кол өнөрчүлүгүнө жана үй-бүлөлүк салттарына иликтөө жүргүзүү каралгандыгында болуп саналат.

## П. КУШНЕР. Горная Киргизия. 1929

Книга посвящена исследованию социального строя киргизов горной части Киргизской АССР. Автор отмечает существование крепких родовых отношений в обществе при отсутствии родового строя, а также наличие такого социального явления как манапство. Выделившиеся из военного сословия в конце родовой эпохи манапы не успели еще превратиться в настоящих феодалов, но им удалось ликвидировать примитивную демократию во всех ее проявлениях. Дальнейшее развитие феодализма было прекращено русским завоеванием. Тем не менее манапство сохранилось и после этого завоевания в силу географической и экономической обособленности горной части Киргизии. Научная и практическая значимость данной работы заключается в том, что в ней рассматриваются социальные и исторические корни манапства и причины его живучести, а также проведен анализ общественного уклада киргизов, земледелия, скотоводства, ремесел и семейных традиций в горных районах Киргизской АССР.

## P. KUSHNER. Mountainous Kyrgzia. 1929

This book researches the social structure of the Kyrgyz that resided in the mountainous parts of the Kyrgyz ASSR. The author notes strong relations within clans in the absence of a tribal system and the existence of a social phenomenon called manapstvo. The Manaps, who originated from the military class at the end of the tribal epoch, did not turn into real feudal lords, but they did manage to liquidate all signs of primitive democracy. Further development of feudalism was blocked by Russian conquest. However, manapstvo survived even after that due to the geographic and economic isolation of the mountainous parts of Kyrgyzstan. This work contains much of academic and practical value. It reviews social and historical roles of manapstvo and reasons for its survivability, provides analyses of the social structure of the Kyrgyz, farming, livestock breeding, craftsmanship, and family traditions in the mountainous regions of the Kyrgyz ASSR.

